**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**НАРЫН ШААРДЫК МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА НАРЫН**

# ТОКТОМ

____________ 2022-ж. №_________ Нарын ш.

**Нарын шаардык мэриясынын алдындагы коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча кеңешинин курамына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

2022-жылдын 16-мартындагы ПЖ №82 Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-августундагы №348 "Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин айрым маселелери жөнүндө" Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Жарлыгын аткаруу, Нарын шаарынын аймагында коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча иштерди күчөтүү жана Нарын шаардык мэриясынын 2012-жылдын 25-июлундагы №329 буйругун өзгөртүү максатында, **токтом кылам:**

1. Нарын шаардык мэриясынын 2012-жылдын 25-июлундагы №329 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

2. Нарын шаарынын аймагында коопсуздукту жана укуктук тартип маселелери боюнча мамлекеттик органдардын координациялык ишин камсыз кылуу максатында төмөндөгүлөр бекитилсин:

-Нарын шаардык мэриясынын алдындагы коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча кеңешинин курамы (1-тиркеме)

-Нарын шаардык мэриясынын алдындагы коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча кеңеши жөнүндө Жобо (2-тиркеме)

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Нарын шаардык мэриясынын аппарат жетекчиси Н.Кайыповго тапшырылсын.

**Мэр** **К.Тутуев**

**Нарын шаардык мэриясынын**
**“____”_____________2022-жыл**
**№___ токтомуна 1-тиркеме**

**Нарын шаардык мэриясынын алдындагы коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча кеңешинин**

**КУРАМЫ**

-Нарын шаарынын мэри - Кеңештин төрагасы;
-Нарын шаарынын прокурору - Кеңештин төрагасынын орун басары;
-Нарын шаардык мэриясынын башкы адис-юристи - Кеңештин катчысы

**МҮЧӨЛӨРҮ:**

-Нарын шаарынын биринчи вице-мэри;
-Нарын шаарынын вице-мэри;
-Нарын шаардык Кеңешинин төрагасы;
-Нарын шаарынын аппарат жетекчиси;
-Нарын шаарынын ички иштер бөлүмүнүн начальниги;
-Нарын шаардык бириккен аскер комиссариатынын аскер комиссары;
-Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Нарын шаары боюнча бөлүмүнүн начальниги;
-Нарын шаарынын аксакалдар сотунун төрагасы

**Нарын шаардык мэриясынын**
**аппарат жетекчиси** **Н.Кайыпов**

**Нарын шаардык мэриясынын**
**«____»__________2022-жылдын**
**№____токтомуна 2-тиркеме**

**Нарын шаардык мэриясынын алдындагы коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча кеңешинин**
**ЖОБОСУ**

## 1. Жалпы жоболор

1. Нарын шаардык мэриясынын алдындагы коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча кеңеш (Мындан ары Кеңеш) улуттук коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу жаатында учурдагы жана капысынан пайда болгон маселелерди чечүү боюнча макулдашылган чараларды даярдоону ишке ашыруучу колегиялуу орган болуп эсептелет.

2. Кеңештин иш жүргүзүүсүнө коомдук-саясий, коргонуу, чек ара, маалыматтык, экономикалык жана коопсуздуктун башка түрлөрүн камсыз кылуу, туруктуулукту жана укуктук тартипти колдоо, инсандын, коомдук жана мамлекеттин турмушундагы маанилүү кызыкчылыктардын ички жана тышкы коркунучтардан корголуу абалын сактоо, ошондой эле терроризмге, сепаратизмге, экстремизмге, баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүү проблемалары кирет.

3. Кеңештин ишинин укуктук негиздери Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары, Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актылары, ошондой эле ушул Жобо түзөт.

## 2. Негизги милдеттери жана функциялары

4. Кеңештин негизги милдеттери болуп төлөмкүлөр эсептелет:

- улуттук коопсуздукту камсыздоо боюнча шашылыш жана учурдагы проблемаларды чечүү;
- инсандын, коомдун жана шаардын абдан маанилүү кызыкчылыктарына актуалдуу коркунучтарды аныктоо жана коопсуздук обьектилерине ички жана тышкы коркунучтарды табуу;
- олуттуу социалдык-саясий, аскердик, экономикалык жана башка кесепеттерге алып келүүгө жөндөмдүү өзгөчө кырдаалдарды болтурбоого, жайылышын чектөөгө жана жоюууга багытталган чараларды ишке ашыруу боюнча Нарын шаарынын мэринин ыкчам чечимдерин даярдоо;
- улуттук коопсуздукту камсыздоо жаатында кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруу процессиндеги аткаруу бийлик органдарынын ишин координациялоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана алардын натыйжалуулугун баалоо.

5. Кеңештин негизги функциялары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- улуттук коопсуздукту камсыздоо маселелери боюнча локалдык актылардын долбоорлорун даярдоо:

- улуттук коопсуздукту камсыз кылуу күчтөрүн жана каражаттарын түзүүгө, контролдоого, даярдыкта кармоого тийиштүү болгон маселелерди кароо:

- улуттук коопсуздукту камсыз кылуу күчтөрүн жана каражаттарын тузүүгө, контролдоого, даярдыкта кармоого тийиштүү болгон маселелерди кароо:

- улуттук коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү иштердин абалына мамлекеттик органдардын жетекчилеринин жеке жоопкерчилик маселелерин белгиленген тартипте кароо:

- улуттук коопсуздукту камсыз кылуу системасынын иштеши жөнүндө маалыматтарды талдоо. Нарын шаардык мэриясынын компетенциясынын чектеринде аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

## 3. Кеңештин курамы, аны түзүү тартиби жана иштеши

6. Кеңештин төрагасы Нарын шаарынын мэри, ал эми Кеңештин төрагасынын орун басары Нарын шаарынын прокурору болуп эсептелет. Кеңештин катчысы Нарын шаардык мэриясынын башкы адис-юристи (мындан ары- Кеңештин катчысы) болот.

7. Кеңештин курамы Нарын шаарынын биринчи вице-мэри, вице-мэри, Нарын шаардык Кеңешинин төрагасы, Нарын шаардык мэриясынын аппарат жетекчиси. Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальниги, Нарын шаардык бириккен аскер комиссариатынын аскер комиссары, Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Нарын шаары боюнча бөлүмүнүн начальниги, Нарын шаардык аксакалдар сотунун төрагасынан тузүлөт жана Нарын шаарынын мэринин буйругу менен бекитилет. Кеңештин мүчөлөрү анын жыйындарына орун алмашуусуз катышат.

8. Кеңештин жыйындары зарылдыгына жараша, бирок жарым жылда бир жолудан кем эмес, анын ичинде Нарын шаарынын мэринин тапшырмасы боюнча шашылыш, ошондой эле Кеңештин катчысынын сунушу боюнча өткөрүлөт.

9. Кеңештин жыйындарынын күн тартибин жана анда маселелерди кароо тартибин Кеңештин катчысынын сунушу боюнча анын төрагасы бекитет.

10. Кеңештин жыйындарын анын төрагасы башкарат. Кеңештин компетенттүүлүгүнө кирген маселелер боюнча кечиктирилгис чечимдерди кабыл алуу талап кылынган жана Кеңештин төрагасы Кеңештин жыйынына катышууга мүмкүн болбой калган учурда Кеңештин жыйынын Кеңештин төрагасынын орун басары башкарат.

11. Кеңештин чечимдери анын жыйындарында Кеңештин мүчөлөрү тарабынан алардын жалпы санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

12. Кеңештин чечимдери Кеңештин жыйындарынын протоколдору менен тариздел

ет.

13. Кеңештин мүчөлөрү анын иштөө жана чечимдерди даярдоо процессинде бирдей укуктарга ээ болот.

14. Каралуучу маселенин мазмунуна жараша Кеңештин жыйындарына даярдоого жана катышууга консультанттар, эксперттер жана башка компотенттүү адамдар тартылышы мүмкүн.

15. Кеңештин ишин маалыматтык аналитикалык камсыздоо Нарын шаардык мэриясынын аппаратына, тийиштүу мекеме, уюмдарга убактылуу комиссияларга, жумушчу топторго жүктөлөт.

16. Кеңештин жумушчу органы болуп мэриянын тийиштүү бөлүмү, секторлору эсептелет.

**Нарын шаардык мэриясынын**
**аппарат жетекчи** **Н.Кайыпов**